**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

04.10.2023 ж. № 75/XXIII – 1

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы № 215 Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Элдик Курултай жөнүндө Жобосунун 5 - пунктунун негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.2023-жылдын 18-ноябрында саат 10:00дө Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо үчүн Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун өкүлчүлүктүү жыйыны өткөрүлсүн.

2.Өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы бекитилсин (№1 тиркеме)

3.Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун өкүлчүлүктүү жыйынына катышуучуларды шайлоо боюнча чогулуштарынын графиги жана ошол чогулуштарды өткөрүү боюнча Кайыңды шаардык кеңешинин жооптуу депутаттарынын тизмеси бекитилсин (№2 тиркеме)

4.Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарына, Кайыңды шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун өкүлчүлүктүү чогулушуна катышуучуларды тандоого Кайыңды шаарынын тургундарын мобилизациялоо боюнча иштерди жүргүзүү милдеттендирилсин.

5.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй - Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайынды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т.Иманкулов**